УДК: 81=512.154 (07)

Мукамбетова А.К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Бул макалада башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы зарыл болгон айрым маселелер тууралуу сөз болот. Кыргыз тилинин материалдары окуучунун өз алдынча ой жүгүртө билүүсүн өркүндөтүүдө чоң милдет аткарат.*

*В статье рассматривается некоторые важные вопросы преподавания кыргызского языка в начальных классах. Материалы кыргызкого языка играют большую роль для развития самостоятельного мышления ученика.*

*The article shows some important objectives in learning Kyrgyz language in secondary education. Materials of Kyrgyz language plays the main role for individual thinking of pupils.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили–кыргыз тили. Ага бардык тараптан: статустук-укуктук, кадырлап-барктоочулук, өстүрүп-өнүктүрүүчүлүк, окутуп-тарбиялоочулук жагынан аткарылчу жана аткарылып жаткан иштерге өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Айрыкча, жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин терең жана сапаттуу өздөштүрүүгө, адат алып үйрөнүүгө, аны кадырлай билүүгө милдеттендирүү зарылдыгы бар. Бул багытта окуу китептерин, окуу куралдарын, көрсөтмөлүүлүктү, сөздүктөрдү, дидактикалык материалдарды жана башка кыргыз тилин үйрөнүүгө керектүү ар кандай зарыл каражаттарды мезгилге байланыштыра сапаттуу даярдап, 1-класстан 11-класска чейин кыргыз тилинин теориялык материалдарын заманбап усулдук ыкмаларда окутулушу учур талабына ылайыкталышы керек.

Кыргыз тили сабагынын материалдарын турмуштук жагдай-шарттарга, учурдагы өнүгүп-өзгөрүүлөргө байланыштырбай, жеке обьект катары карап, окчун өтүү өз натыйжаларын бербейт, күткөн жыйынтыкты чыгара албайбыз. Тил материалдарын туш келди, чачкын окутуу да окуучулардын ырааттуу, системалуу билим алуусуна бөгөт болот. Ушунун таасиринен окуучулар конкреттүү тилдик фактыларга карата өз алдынча ой жүгүртө алышпайт. Натыйжада, алар баа алыш үчүн, кутулуш үчүн жаттап алуучулукка адат алышат. Мындай абалды жаратпаш үчүн, эң оболу, кыргыз тилинин улуулугун даңазалап, байланыш-катыш куралы болуудагы маанилүүлүгүн, мамлекеттик тил катары функциясын, коомдук-турмуштук абалын, кыргыздын кыргыздыгы анын тили менен аныкталарын, намысыбыз тилибизге байланыштуу болорун окуучулардын аң-сезимине кумдай куюп сиңиришибиз абзел. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабылданышы шарт. Негизинен, бардык илимдер тил аркылуу өздөштүрүлөт, тил аркылуу үйрөнүлөт, тил аркылуу кабылданат, тил аркылуу өнүктүрүлөт. Коомдун маңызынын тилинде. Көрүнүктүү окумуштуу проф.К.К.Сартбаев: «Тил сабагынын илимий-тарбиялык ролу чоң, анткени ал сабак окуучулардын логикалык ой-пикирлерин өстүрөт, кругозорун кеңейтет. Окуучулардын жалпы сабаттуу болуп чыгышы тил сабагына байланыштуу, тактап айтканда, бардык жагынан билимдүү

болгон кадрды тил сабагынын жардамысыз даярдоого мүмкүн эмес. Ошондуктан мектептердин негизги милдеттеринин бири кыргыз тили боюнча окуучуларга терең билим берип, андан практикалык түрдө пайдалана ала турган адат- шыктарын өстүрүү болуп саналат»,-(Осмонкулов, 1986: 8)деп, кыргыз тилинин маани-маңызына бекеринен баа бербесе керек.

Кыргыз тилинин материалдары башталгыч класстардан эле окутула баштайт. Маселен, 1-класста тыбыш жана тамга өтүлөт. Мында 1-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу материалдар: тыбыштын айтымга негизделиши; үндүү, үнсүз болуп айтылышы: алардын тамга катары белгилениши; йоттошкон тамгалар жалпы үйрөтүлөт. 2-класста ушул эле тилдик материалдар кеңейтилген мүнөздө, б.а., тыбыштардын бөлүнүшү: к,г,ж, тыбыштарынын, йоттошкон тамгалардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү; кыргыз алфавити жана тамгалардын айтылышы: муун, ташымал; сөздөрдүн уңгу жана мүчөгө бөлүнүшү; заттын атын, сынын, санын, кыймылын билдирген сөздөр; сүйлөм, сүйлөмдүн ээси жана баяндоочу окутулат. Ал эми 3-класста окуучулардын аң-сезиминин андан аркы өнүгүшү, жаш өзгөчөлүгү эске алынуу менен 1-2-класстарда кабыл алууга кыйынчылык келтире турган айрым материалдар тереңдетилет. Атап айтканда, созулма үндүүлөрдүн жазылышы, сөз ичинде катар келген үнсүздөр; йоттошкон тамгалардын айтылышы жана жазылышы; муундун түзүлүшү, түрлөрү; сөздөрдү ташымалдоонун эрежелери; сөздөрдүн мүчөлөрү, алардын түрлөрү; сөз түркүмдөрү: зат атооч, жандуу, жансыз заттар, энчилүү зат атоочтор, жөндөмө жана анын түрлөрү. Сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, этиштин чактары; сүйлөм, сүйлөмдүн айтылышына карата түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү окутулат. Дал ушул тилдик материалдарды башталгыч класстын окуучуларына: «Бул–тыбыш, бул–тамга, кыргыз тилинде мынча тыбыш, мынча тамга бар. Бул–зат атооч сөз, бул–сын атооч сөзү, - деп үйрөтүүнү гана максат кылсак, анда, биринчиден, кыргыз тилинин материалдары менен гана тааныштырып, маалымат берүү менен гана чектелген болор элек. Экинчиден, окуучуларды жаттап алуучулукка түртөбүз. Үчүнчүдөн, окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттыра албайбыз. Төртүнчүдөн, тил сабагынан терең билим алууга эгедер кыла албайбыз. Мындай шартта окуучунун кыргыз тили сабагына болгон жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун жоготуп алабыз. Башталгыч класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, алар бир нерсеге карата болгон ынтызарлыгы, куштарлыгы, кызыгуусу, кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, уга билүү сезимдери өтө күчтүү болот. Ошон үчүн алардын лексиконунда Бул эмне? Эмне үчүн? Кандайча? деген сыяктуу суроолор көп колдонулат. Мугалим дал ушул жөндөмдүүлүктөрүн учурдан пайдаланып кармай билип, тил сабагынын материалдарынын негизинде чыгармачылык менен иш алып баруусу керек.

Көпчүлүк учурларда окуучулардын билим деңгээлдеринин төмөндүгүн, белгилүү бир даражадагы билимге да ээ болбогондугун, натыйжада, башталгыч билим берүүнүн мезгилинде эле окуучунун тил сабагына болгон кызыгуусунун жоголгондугун ж.б. мугалимдин сабак өтпөгөндүгүнө байланыштырышат. Албетте, бул да чындык, тана албайбыз. Бирок муну бардык эле мугалимдерге таңуулай

берүүгө болбойт. Сабактарга жоопкерчиликтүү мамиле жасаган, сабак дегенде ичкен ашын жерге койгон мугалимдер арабызда арбын эле. Сабактардын өтүлүшүн эреже катары кармаган, окуу планындагы тилдик материалдар сөзсүз түрдө өтүлүш керек деп мыйзам тутунгандарды да көп эле кездештирүүгө болот. Негизи эле башталгыч класстарда кыргыз тили сабагы боюнча белгиленген материалдар өтүлбөй койбойт, бардыгы өз ирети менен окутулат. Анткени мектеп дирекциясы, окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынып турат. Ошондой болгон шартта да, өтүлгөн материалдар өздөштүрүлбөй калган учурлар көп эле кездешип жүрөт. Мунун негизги себеби, мугалимдин түшүнүгүнүн бир орундан жылбай калгандыгы, чыгармачылык менен изденбегендиги, окуу китебинен сыртка чыга албай калгандыгы, т.а., окуу китеби менен гана чектелгендиги болуп саналат. Мугалимдин окуу китеби менен чектелүүсү билим берүүнү талапка ылайык жогорулата албастыгынан кабар берет. Мектептердеги мындай өксүктүк буга чейин эле белгиленип келет: «Окуу китеби–окуучулардын гана окуу куралы. Ал эми мугалим окуу китеби менен эле чектелип калууга тийиш эмес. Окуу программасынын негизинде мугалим чыгармачылык менен иштеп, ар кандай методикалык ыкмаларды пайдаланышы зарыл. Өтүлүүчү материалдарды окуучулар жеңил өздөштүрүүлөрү үчүн мугалим алдын-ала пландаштырып, сабакка кылдат даярданышы керек». (Кыргыз тили, 1991: 4-5). Ошентип, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда жалаң гана окуу китеби менен чектелип калууга жарабайт. Окуучулардын кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгын арттырууда ар кандай көрсөтмө окуу куралдарын: түстүү таблицалардын, карточкалардын, методикалык түрдүү ыкмалардын ж.б. мааниси өтө чоң. Ар бир окуучунун жекече жөндөмдүүлүктөрүнө карата мамиле жасай билүү да өз жемишин бербей койбойт.

Башталгыч класстардын «Кыргыз тили» окуу китептериндеги өйдөдө белгиленген тилдик материалдарын үйрөтүү аркылуу окуучулардын аң-сезимин өстүрүү, өз алдынча ой жүгүртө билүүлөрүн өнүктүрүү, турмуш менен байланыштыра билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу ж.б. маселелер көңүл борборунда болууга тийиш. Буга карата, мисалы, 3-класстын «Кыргыз тили» окуу китебиндеги жөндөмөгө кайрылалы:

Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар. Зат атоочтор ушул алты жөндөмө боюнча жөндөлүшөт.

Атооч. Ким? Эмне? Тилек, мышык

Илик. Кимдин? Эмненин? Тилектин, мышыктын

Барыш. Кимге? Эмнеге? Тилекке, мышыкка

Табыш. Кимди? Эмнени? Тилекти, мышыкты

Жатыш. Кимде? Эмнеде? Тилекте, мышыкта

Чыгыш. Кимден? Эмнеден. Тилектен, мышыктан.

Жөндөмөлөр сүйлөмдөгү сөздөрдү бири-бири менен байланыштырып, оюбузду туура жана так айтууга жардам берет. (Акунова, Чокошова, 2013: 47). 3-класстын окуу китебинде жөндөмөлөрдү окутууга карата теориялык маалымат ушунча көлөмдө гана берилген. Мындан кеңири берүүгө болбойт. Анткени окуучулардын

жаш өзгөчөлүктөрү кыска жана жөнөкөйлүктү талап кылат, кеңири жана терең маалыматты кабыл алышпайт. Демек, кыргыз тилинин материалдарын башталгыч билим берүүдө татаалдаштырып, көбөйтүп берүүнүн кажети жок. 3-класстын окуучусу жөндөмө деген эмне экендигин, анын жалпы функциясын, тиешелүү суроолорун, байланыштыруучулук милдетин өздөштүрүүлөрү жетиштүү. Мугалимдин негизги максаты жөндөмө боюнча 3-класстагы ушул маалыматты чыгармачылык менен пайдалана билүүсү керек. Эгерде мугалим кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр мындай деп аталат, мынча жөндөмө бар, алардын суроолору булар деп, төмөнкү көнүгүүдөгү жөндөмөлөр катышкан сөздөрдү тапкыла, андагы жөндөмө мүчөлөрдү айткыла деп, окуу китебиндеги материалдар менен чектелсе, анда сабак өз максатына жетпейт. Мындай көнүмүш суроолор, китептегини кайталап түшүндүрүүлөр, бир типтүү методикалык ыкмалар сабактын таасирдүүлүгүн арттыра албагандыктан, окуучунун кызыгуусун жарата албайт, өз алдынча ой жүгүртүүсүн ойгото албайт. Натыйжада, окуучу баа алыш үчүн жаттайт, жаттап алууга адат алат.

Бул сабакты жандуу жана таасирдүү өтүү үчүн жөндөмөлөрдүн маани-маңызын, сүйлөм тутумундагы милдетин окуучу өзү чечмелеп түшүнгөндөй абалга жеткирүү керек. Атап айтканда, мугалим жөндөмөнүн маани-маңызын, милдетин, түрлөрүн, мүчөлөрүн түшүндүргөндөн кийин, окуучуга толук жеткирдим деп, алдын-ала ыраазы болбошу керек. Ошондуктан окуучуну ойлонтуп, жөндөмөлөр боюнча проблемалуу кырдаал түзүп, маселени окуучу өзү чечкенге аракет кылууга мажбурлап коюу керек. Мисалы, мугалим шарттуу түрдө: **Биз үй Манас китеп бар** деген сөздөрдү доскага жазып коюп, окуучулардан мындан эмнени түшүнгөндүктөрүн сурайт. Балдар мисалдагы сөз маанилерин айтып берүүгө жарайт. − Эми ушул сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Албетте, окуучулар бул сөздөр менен: **Биздин үйдө «Манас»китеби бар** деген сүйлөмдү түзө алышат. Ушундан пайдаланып, мугалим окуучуларга сүйлөмдөгү жөндөмө мүчөлөрдү (**-дин, -де**) таптыртат да, кайрадан жөндөмө мүчөлөрдү алдыртып, эки мисалды салыштыртат:

1. **Биз үй Манас китеп бар.**
2. **Биздин үйдө «Манас» китеби бар.**

Мугалим эки мисалдын кайсынысы ыраатуу түшүнүктүүлүгүнө карата суроо салат. Окуучулар, сөзсүз түрдө, жөндөмө мүчөлөр жалганган экинчи мисалды айтышат. Ушундан улам, мунун себеби эмнеде экендигин, жөндөмө мүчөлөр кандай милдеттерди аткарарын, окуучулардын өздөрү чече аларына жетишүүлөрү керек. Мындан сырткары, «Манас» китебинин баалуулугуна, улуулугуна, кыргыз элинин сыймыгы болоруна көңүл бөлдүртүп,**тарбиялык нукка**; Манас каарманына басым жасап адабиятка; жөндөмөлөрдүн санын аныктатып, мүчөлөрүн эсептетип,**математика сабагына** байланыштырып **предмет аралык**; жөндөмө мүчөлөр, негизинен, кайсы сөздөргө жалганарын ойлонтуп таптыртып, **тема аралык** байланыштарды чыңдап, сабакты максаттуу жана системалуу өткөрүүгө болот.

Кыргыз тилинин материалдары боюнча кандай темадагы сабак болбосун, мугалим өз билимине, чыгармачылык талантына таянып, окуучуларды ойлондура

турган суроолорго байлап коюусу керек. Ушундай шартта гана окуучу аргасыз кызыгып, коюлган маселени өзү чечкенге, өзү териштиргенге ынтызар боло баштайт.

Кандай болгон шартта да, башталгыч класстарда кыргыз тилинин материалдарын окутууда мугалимдин алдында төмөндөгүдөй маселелер сөзсүз түрдө эске алынууга тийиш:

1. Башталгыч билим берүүдөгү окуучулардын улам бир класста канчалык деңгээлге өсүп жетилгендигин эске алып, ага атайын байкоо салып, ошого жараша методикалык ыкмаларды пайдалануу керек.

2. Башталгыч класстагы кыргыз тилинин материалдары обьективдүү турмушка жана мезгилге тыгыз байланышта каралып өтүлүшү керек.

3. Башталгыч класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап, тилдик материалдарды башка сабактар менен байланыштырып, ага ылайыкташтырып өтүү зарылдыгы бар. Бул башталгыч билим берүүнүн комплекстүүлүгүн шарттайт.

4. Тема аралык байланыш ар дайым мугалимдин жадында болууга тийиш. Анткени мурда өтүлгөн тема унутта калтырылбай, эсте сакталып туруусу керек. Тилдик материалдардын маани-маңызы, табияты тема аралык байланышты чыңдоого ыңгайлуу болгон материалдар болуп саналат.

5. Окуучулардын таанып-билүүсүн, байланыштыра алуу жөндөмдүүлүктөрүн, аң-сезиминин өнүгүүсүн, өз алдынча ой жүгүртө билүүсүн калыптандырууда тилдик материалдар да башкы орунда туруусу зарыл.

Буларды иш жүзүнө ашырууда мугалимдин талыкпаган изденүүсү талап кылынары белгилүү.

**Адабияттар:**

1. Осмонкулов А. Кыргыз тилинин тыбыштык системасын окутуу. −Ф.: Мектеп,1986.

2. Чокошева Б.С.Кыргыз тили. 3-класс. −Бишкек, 2013.

3. Шаршеев Н. Адиев Ш.ж.б. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн Кыргыз тили окуу китебине методикалык көрсөтмө.−Бишкек, 1994.